| | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | БИЛИМ САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ |
| | ДП-22-21 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин отурумунда
Протокол № 3
«26» ноябрь 2025-ж.

**БЕКИТЕМИН**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
ректору Чыныбаев М.К.

Буйрук № 1/1261
«28» ноябрь 2025-ж.

**И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН МАГИСТРАТУРАСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО**

**Бишкек, 2025**

# ӨЗГӨРТҮҮ БАРАКЧАСЫ

| УЧА версия сы.№ | Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун № же абзац (бетти көрсөтүү менен) | КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин протоколунун № жана датасы |
|---|---|---|
| 1 | | Протокол №1<br>3.11.2020 ж. |
| 2 | 1. Жобонун аталышына өзгөртүү киргизилди (И.Раззаков атындагы КМТУнун Магистратура жогрку мектеби факультети жөнүндө жобонун негизинде иштелип чыкты) бул структуранын жабылышы менен байланышкан<br>2. 3.3.; 3.4; 6.4. пункттары кошулду.<br>3.9.; 3.10; 5.1.; 6.7. пункттары жаңы редакцияда жазылды.<br>3. 7.1. пункту 2; 3; 4 абзацтар менен толукталды | Протокол №3<br>26.11.2025 ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо магистрлерди даярдоонун жалпы принциптерин, магистрдик программаларды ачуу жана ишке ашыруу тартибин, аларга жетекчиликти, И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (мындан ары – И.Раззаков атн.КМТУ) магистратурасына кабыл алуу жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү эрежелерин аныктайт.

1.2. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын (2023-ж. 11-августундагы № 179), Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу укук-ченемдик актыларды бекитүү жөнүндө» токтомунун (2024-ж. 27-сентябрындагы № 590), жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын (ЖКББ МББС), Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин ченемдик документтеринин жана И.Раззаков атындагы КМТУнун Уставынын негизинде иштелип чыккан.

1.3. Магистратура жогорку кесиптик билим берүү түзүмүнө тиешелүү деңгээлдеги кесиптик билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, терең фундаменталдык жана атайын даярдыкты талап кылган ар кандай инновациялык ишмердүүлүктүн түрлөрүнө багытталган жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо жана билим берүүдө академиялык мобилдүүлүктү камсыз кылуу максатында киргизилген.

1.4. Магистрдик программалар жогорку кесиптик билим берүү системасындагы экинчи деңгээлдеги билим берүү программалары болуп саналат. Программалар тиешелүү ишмердүүлүк чөйрөлөрүндө тереңдетилген кесиптик билимдерди, жөндөмдөрдү жана көндүмдөрдү алууну болжолдойт, бир же бир нече ишмердүүлүк түрлөрүнө: илимий-изилдөө, илимий-педагогикалык, долбоордук, тажрыйбалык-конструктордук, технологиялык, аткаруучулук жана чыгармачылык (искусство чөйрөсүндө), уюштуруучулук жана башка татаал ишмердүүлүк түрлөрү, биринчи кезекте инновациялык даярдоого багытталган.

1.5. И. Раззаков атындагы КМТУнун магистратурасына Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар, жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү программаларынын бири боюнча окуусун аяктаган жана мамлекеттик үлгүдөгү бакалавр, адис, магистр диплому барлар кабыл алынат (мындан ары – тапшыруучу).

1.6. Магистратурада окугандар И.Раззаков атындагы КМТУнун билим алуучусунун укуктарына жана милдеттерине ээ.

## 2. Магистратурага кабыл алуу

2.1. Магистратурага жогорку билим жөнүндө диплому бар жарандар тапшыра алышат.

2.2. Талапкерлерден документтерди кабыл алуу, кирүү сынактарын өткөрүү жана магистратурага кабыл алуу И.Раззаков атындагы КМТУнун кабыл алуу комиссиясы тарабынан уюштурулат.

2.3. Кабыл алуу комиссиясы ар бир тапшыруучуга тааныштыруу үчүн керек документтердин тизмеси, магистратурага кабыл алуу эрежелери, документтерди кабыл алуу жүргүзүлгөн даярдоо багыттарынын жана магистрдик программалардын тизмеси И.Раззаков атындагы КМТУга кабыл алуу эрежелеринде камтылган.

2.4. Магистратурага тапшыруучулар кабыл алуу комиссиясына төмөнкү документтерди тапшырышат:

– университеттин ректорунун атына даярдоо багытын, кафедранын аталышын, магистрдик программаны, окуу формасын көрсөтүү менен арыз;

– жогорку кесиптик билим берүү жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплом тиркемелери менен;

– паспорт же аны убактылуу алмаштыруучу документ;

– 4 сүрөт.

Мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржыланган орундарга тапшырып жаткан талапкерлер арызында магистратура программасы боюнча билимди биринчи жолу алып жатканын көрсөтүүгө милдеттүү.

2.5. Магистратура программаларына кабыл алуу кирүү сынактарынын жыйынтыгы боюнча конкурстук негизде жүргүзүлөт.

## 3. Магистратурага өтүү сынактары жана кабыл алу

3.1.Магистратурага тапшырууда кирүү сыноолорунун формасы жана тизмеси И.Раззаков атындагы КМТУ тарабынан өз алдынча аныкталат.

Магистратурага тапшырууда конкурска катышуу үчүн тандалган магистрдик программа боюнча маектешүүдөн өтүү зарыл;

Магистратурага кирүү сынактарын өткөрүү үчүн аттестациялык (тандоо) комиссиялары түзүлөт. Комиссиялардын курамы И.Раззаков атындагы КМТУнун ректорунун буйругу менен бекитилет.

3.2. Кирүү сынактарын ийгиликтүү өткөн жана кабыл алуу комиссиясына белгиленген мөөнөттө билим берүү жөнүндөгү документтердин түп нускаларын тапшырган талапкерлер конкурска катыша алышат.

3.3. Магистратура программасына бюджеттик жана келишимдик негиздеги окуу формаларына абитуриенттерди кабыл алуу боюнча конкурс абитуриенттин мурунку даярдык деңгээлинин орточо баллынын (GPA) негизинде жүргүзүлөт.

3.4. Бюджеттик же келишимдик негиздеги билим берүүгө өтүүгө арыз берген магистратура программаларына талапкерлердин рейтингдик тизмеси Кабыл алуу комиссиясы тарабынан мурунку даярдык деңгээлинин орточо баллынын (GPA) негизинде түзүлөт.

3.5. Эгерде конкурс болсо, университеттин кабыл алуу комиссиясы кирүү сыноолорунун жыйынтыгы боюнча талапкер топтогон баллдардын суммасы боюнча билим берүү программасын (мындан ары – ББП) өздөштүрүүгө даяр болгондорду магистратурага кабыл алууну камсыздайт.

3.6. Магистратурага кабыл алуу ректордун буйругу менен жол-жоболоштурулат, анда программанын аталышы жана окуу багыты көрсөтүлөт.

3.7. Университетке кабыл алынган магистрантка зачеттук китепче жана билим алуучунун билети берилет.

3.8. Күндүзгү магистратурада окуу мөөнөтү эки жылды түзөт. Эгерде бул билим берүү программасы сырттан окуу формасы боюнча ишке ашырылса, белгиленген ченемдик өздөштүрүү мөөнөтү күндүзгү окуу формасындагы белгиленген ченемдик окуу мөөнөтүнө салыштырмалуу 6 (алты) айга көбөйөт.

3.9. Тандалган магистратура программасынан башка профилдеги жогорку кесиптик билими бар адамдар үчүн магистратурада окуу мөөнөтү «И.Раззаков атындагы КМТУнун магистратура программасына тапшыруучулар үчүн теңдештирүү курстар жөнүндө» **Жобо** менен жөнгө салынат, ага ылайык, кошумча курстардын эсебинен окуу мөөнөтү белгиленген ченемдик окуу мөөнөтүнө салыштырмалуу 6 (алты) айдан 1 (бир) жылга чейин узартылышы мүмкүн:

- эгерде теңдештирүү курстарынын жалпы көлөмү 30 кредитке чейин болсо, анда өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү сакталат;
- эгерде теңдештирүү курстарынын жалпы көлөмү 31ден 45 кредитке чейин болсо, анда өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү жарым жылга узартылат;
- эгерде теңдештирүү курстарынын жалпы көлөмү 45 кредитен ашса, анда өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү бир жылга узартылат.

3.10. Эмгек рыногунун адистерге өсүп жаткан муктаждыгын канааттандыруу максатында, КМТУнун Окуу-методикалык бирикмесинин жана Окумуштуулар кеңешинин чечими менен, магистрдик билим берүү программасынын жумуш жүгүнө коюлган талаптарды сактоо шарты менен, магистрдик билим берүү программасын өздөштүрүү мөөнөтүн 1 (бир) жылга чейин кыскартууга жол берилет.

## 4. Магистрлерди даярдоо боюнча билим берүү программасына карата жалпы талаптар

4.1. Магистрлерди даярдоо боюнча билим берүү программасы (мындан ары - ББП) тиешелүү ЖКББ МББС же КМТУнун ЖКББ ББСна ылайык иштелип чыгат жана окуу планын, окуу дисциплиналарынын программаларын, практика программаларын, илимий-изилдөө иштеринин программасын жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны камтыйт.

4.2. Магистрдик программанын дисциплиналарынын аталышы жана мазмуну тиешелүү бакалавриат программасынын дисциплиналарынын мазмунун жана аталышын кайталабашы керек.

4.3. ББПлар «И.Раззаков атындагы КМТУда документтерди даярдоо жана жогорку, жогорку окуу жайынан кийинки жана кошумча кесиптик билим берүү үчүн жаңы билим берүү программаларын бекитүү» тартибине ылайык иштелип чыгат.

4.4. Дисциплиналар жана практикалар боюнча жумушчу программалар институттун/жогорку мектептин директору тарабынан бекитилет жана магистрдин квалификациясына ылайык келген билимдердин, жөндөмдөрдүн, көндүмдөрдүн, компетенциялардын тизмеси түрүндө окутуунун натыйжаларына карата талаптарды камтышы керек.

4.5. Бүтүрүүчү кафедралар жылына бир жолу илимдин, техниканын, маданияттын, экономиканын, технологиянын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүү деңгээлин эске алуу менен магистрдик программаларды жаңылоого тийиш.

## 5. Магистратураны жетектөө

5.1. Университеттеги магистратурага жалпы жетекчиликти академиялык иш боюнча проректор жүзөгө ашырат.

Университеттин магистратурасынын ишин Окуу башкармалыгы (мындан ары - ОБ) координациялайт.

5.2. Магистрдик программалардын ишке ашырылышын бүтүрүүчү кафедраларда институттун/жогорку мектептин директору жана тиешелүү кафедралардын башчылары көзөмөлдөйт.

5.3. Конкреттүү багыт боюнча магистрдик даярдоо программасын түздөн-түз жетектөөчү болуп - ректордун буйругу менен дайындалган магистрдик программанын жетекчиси, адатта, тиешелүү профилдеги профессорлордун/доценттердин арасынан дайындалат.

5.4. Магистрдик диссертацияны даярдоо үчүн магистрантка тиешелүү тармактагы профессорлордун/доценттердин/PhD докторлордун арасынан жетекчи дайындалат. Дуалдык/кооперативдик билим берүүдө жетекчи тармактын/уюмдун өкүлү, тиешелүү тармактагы жогорку квалификациялуу адис жана жетекчилик кызматты ээлеген адам болушу мүмкүн.

5.5. Магистрдик программанын илимий жетекчиси бүтүрүүчү кафедра (кафедралар) менен бирге:

– магистрдик программанын окуу планын иштеп чыгууга катышат;

– окуу дисциплиналарынын жана практикалардын жумушчу программаларын иштеп чыгууну көзөмөлдөйт;

– тиешелүү магистрдик программа боюнча кирүү сынактары үчүн материалдарды иштеп чыгат;
– магистрдик диссертациялардын темаларына эксперттик баа берет жана аларды оңдойт;
– магистранттардын илимий жетекчилеринин ишин жетектейт.

Магистрдик программанын илимий жетекчиси программа боюнча магистранттарды даярдоонун сапаты үчүн толугу менен жооптуу.

5.6. Ар бир магистрантка ректордун буйругу менен магистрдик программанын тематикасы боюнча алдыңкы илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн жогорку квалификациялуу адистердин ичинен илимий жетекчи дайындалат. Магистранттарга илимий жетекчилерди дайындоо алардын магистратурага кабыл алынган күндөн тартып бир айдын ичинде ишке ашырылат.

5.7. Магистранттын илимий жетекчиси:
– магистрант менен биргеликте окуу жылы башталгандан эки жуманын ичинде магистрдик программанын окуу планынын негизинде магистранттын жеке иш планын түзөт;
– магистранттын жеке иш планынын аткарылышына түздөн-түз жетекчилик кылат;
– магистрантка магистрдик диссертациянын темасын тандоодо кеңеш берет жана диссертацияны даярдоодо жана коргоодо жетекчилик кылат.

5.8. Илимий жетекчи бир эле учурда эки окуу курсу боюнча беш магистрантты жетектей алат.

5.9. Бүтүрүүчү кафедра:
– жаңыдан киргизилип жаткан ББП долбоорун талкуулайт;
– магистранттардын жеке иш пландарын карап чыгат жана кабыл алат;
– институттун/жогорку мектептин окумуштуулар кеңешинде бекитүү үчүн магистрдик диссертациялардын темаларын талкуулайт жана сунуштайт;
– магистранттын окуунун ар бир жылы үчүн жеке планын аткаруу боюнча отчетун угат жана бекитет;
- магистрдик диссертацияларды коргоону уюштурат.

## 6. Магистратурада окуу процессин уюштуруу

6.1. Окуу процессин уюштуруу "И.Раззаков атындагы КМТУда академиялык кредиттерди колдонуу менен жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн окуу процессин уюштуруу жөнүндө" Жобо менен жөнгө салынат.

6.2. Тиешелүү багыт боюнча окуу планы ЖКББ МББСнын негизинде бүтүрүүчү кафедра тарабынан иштелип чыгат жана академиялык иштер боюнча проректор тарабынан бекитилет.

6.3. Окуу башкармалыгы тарабынан магистрдик билим берүү программаларынын түзүмү жана ЖОЖ компонентинин бөлүгү боюнча мазмуну билим берүү системасындагы негизги тенденцияларды эске алуу менен иштелип чыгат жана КМТУнун Окуу-методикалык кеңешинин (мындан ары - ОМК) жыйынында бекитилет.

6.4. Магистрлерди илимий-изилдөө боюнча даярдоо төмөнкүлөрдү камтыйт: илимий-изилдөө иши, илимий-изилдөө практикасы, илимий-педагогикалык практика, магистрдик диссертацияны даярдоо. Магистрлердин илимий-изилдөө ишинин мазмуну даярдоо багыттары боюнча ЖКББ МББС жана КМТУнун ЖКББ ББС талаптарынын негизинде аныкталат.

6.5. Магистрдик практиканын бардык түрлөрү илимий изилдөөлөрдүн негизги багыттарына дал келиши керек, лабораторияларда илимий-изилдөө иштерин, илимий-өндүрүштүк иштерди, ЖКББ жана ОКББ мекемелеринде окутуучулук ишмердүүлүктү камтышы керек.

6.6. Магистрдик программанын алкагында окутуу магистранттын активдүү өз алдынча иштөөсүн талап кылат. Аудиториялык сабактардын көлөмү даярдоо багыты боюнча ЖКББ

МББС талаптарынан ашпоого тийиш. Күндүзгү окуу формасы үчүн ОБ менен макулдашуу боюнча аралаш жана гибриддик окуу формаларын колдонууга жол берилет.

6.7. Магистратурадагы окуу процесси магистранттын өз алдынча ишине илимий жетекчинин натыйжалуу көзөмөлүн камсыз кылууга тийиш.

6.8. Кесиптик цикл жана илимий-изилдөө иштери боюнча окуу процессин камсыз кылган окутуучулардын кеминде 80%ы окумуштуулук даражаларга жана (же) окумуштуулук наамдарга ээ болууга тийиш.

6.9. Кесиптик циклдин дисциплиналары боюнча билим берүү процессине тиешелүү уюмдардын, ишканалардын жана мекемелердин иштеп жаткан жетекчилеринин жана алдыңкы кызматкерлеринин арасынан окутуучулар тартылышы мүмкүн.

6.10. Магистрдик диссертация илимий жетекчинин жетекчилиги астында жүргүзүлгөн өз алдынча илимий изилдөө болуп саналат. Магистрдик диссертацияны коргоо жана бүтүрүүчү экзамендерди тапшыруу Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын жыйынында ачык өтөт.

## 7. Магистранттын ишин пландоо

7.1. Магистратурада окуу процесси магистранттын жеке иш планына ылайык уюштурулат. Жеке планды магистрант тиешелүү форма боюнча түзөт, анын илимий жетекчиси, магистрдик программанын илимий жетекчиси менен макулдашылат, бүтүрүүчү кафедранын жыйынында каралат жана окуу башталгандан 2 жумадан кечиктирбестен институттун/жогорку мектептин директору тарабынан бекитилет.

7.2. Магистрдик программа тандалган адистикке салыштырмалуу башка профилдеги жогорку кесиптик билими бар магистранттын жеке планында теңдештирүү курстарынын программасы болушу керек. Магистранттын теңдештирүү курстарынын программасынын дисциплиналарынын тизмеси жана алардын эмгек сыйымдуулугу тиешелүү форма боюнча түзүлөт, анын илимий жетекчиси, магистрдик программанын илимий жетекчиси менен макулдашылат, бүтүрүүчү кафедранын жыйынында каралат жана окуу сабактары башталгандан кийин 2 жумадан кечиктирбестен институттун/жогорку мектептин директору тарабынан бекитилет.

7.3. Теңдештирүүчү курстардын программасынын дисциплиналарын өздөштүрүү милдеттүү болуп саналат жана магистранттын биринчи окуу жылында бакалавриаттын тиешелүү багытындагы окуу агымдарында жүргүзүлүшү керек.

7.4. Магистранттын окуу карточкасында жана транскриптинде теңдештирүү курстарынын дисциплиналарын өздөштүрүүнүн натыйжалары чагылдырылат.

7.5. Магистрант теңдештирүүчү курстар боюнча билим алуу үчүн төлөмдү каттоодон өткөн кредиттердин санына жараша жүргүзөт.

7.6. Магистранттын бекитилген жеке иш планы бүтүрүүчү кафедрада (түп нускасы) жана магистрантта (көчүрмөсү) сакталат.

7.7. Жеке пландын билим берүү бөлүгүндө бардык циклдердин дисциплиналарынын толук тизмеси, эмгек сыйымдуулугу, аудиториялык сабактардын саны, ошондой эле аралык аттестациянын түрү жана мөөнөттөрү камтылат.

7.8. Илимий адистешүү илимий-изилдөө ишинин темасын тандоо, аны аткаруу, магистрдик диссертацияны даярдоо жана коргоо аркылуу ишке ашырылат.

7.9. Магистрдик даярдоонун максаттарына ылайык, өз алдынча иш магистранттын өзүн-өзү окутуусунун негизги формасы болуп саналат.

7.10. Магистранттын жеке иш планын аткаруусун анын илимий жетекчиси көзөмөлдөйт.

## 8. Магистранттардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы

8.1. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик даярдыгынын деңгээлинин ЖКББ МББС же КМТУнун ЖКББ ББС талаптарына ылайык келүүсүн аныктоого багытталган жана магистранттын жеке окуу планынын аткарылышынын сапатын баалоонун акыркы этабы болуп саналат.

8.2. Магистрдик даярдоо боюнча БП боюнча окутуунун толук курсун аяктаган адамдар гана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга киргизилет.

8.3. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация бүтүрүү квалификациялык ишин (БКИ) коргоону жана университеттин Окуу-методикалык кеңешинин чечими боюнча белгиленген мамлекеттик экзаменди камтыйт.

8.4. Магистранттарга жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү тартиби анын башталышына алты айдан кечиктирилбестен маалымдалат.

8.5. Мамлекеттик экзамен комплекстүү дисциплиналар аралык сыноо катары өткөрүлөт. Мамлекеттик экзамендердин программалары ЖКББ МББС же КМТУнун ЖКББ ББС талаптарына ылайык түзүлүшү керек. Мамлекеттик экзаменди кайра тапшырууга жол берилет. Кайра тапшыруу мөөнөтү окуу процессинин графиги менен аныкталат.

8.6. БКИнин мазмунуна, көлөмүнө жана курамына коюлуучу талаптарды университет аныктайт. Магистратуранын билим берүү программасына ылайык, БКИ практикадан өтүү жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү мезгилинде магистрдик диссертация түрүндө аткарылат жана өз алдынча жана логикалык жактан аяктаган изилдөө болуп саналат.

Магистрдик диссертация – бул аяктаган илимий изилдөө. Анын мазмуну теориялык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын, илимий маселелерди чечүүнүн жаңы ыкмаларын жана ыкмаларын иштеп чыгууну жана алардын теориялык негиздемесин камтышы мүмкүн. Иш таза академиялык же компиляциялык мүнөздө болбошу керек.

Магистрдик диссертациянын мазмунунда изилдөө темасын тандоонун негиздемеси, тапшырманын актуалдуулугу жана илимий жаңылыгы, адабияттарга сереп жана талдоо, изилдөө ыкмаларын тандоонун негиздемеси, алынган натыйжалардын берилиши, аларды талдоо жана талкуулоо, тыянактар жана колдонулган адабияттардын тизмеси камтылышы керек.

Магистрдик диссертациянын көлөмү, адабияттардын тизмесин жана мазмунун кошпогондо, болжол менен 75-120 бетти түзүп, Tishes New Roshap, 14 шрифти менен, бир жарым аралык менен жазылышы керек; тиркемелерге санариптик, таблицалык жана башка иллюстрациялык материалдар киргизилиши мүмкүн.

8.7. Магистрдик диссертациянын тексти илимий жетекчи менен макулдашылып, автор тарабынан кол коюлуп, магистрант аны коргоого чейин 10 күндөн кечиктирбестен бүтүрүүчү кафедрага тапшырылат.

8.8. Магистрдик диссертация кол жазма жана иллюстрациялык материалдар (чиймелер, графиктер ж.б.) түрүндө берилиши керек. Диссертация менен бирге МАКка магистранттын илимий жетекчисинин пикири жана тышкы рецензия тапшырылат.

8.9. Магистрдик диссертацияны коргоо МАКтын жыйынында ачык түрдө, илимий талкуу формасында өтөт. Белгиленген окуу мөөнөтүнүн ичинде магистрдик диссертацияны кайрадан коргоого жол берилбейт.

8Б.10. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын курамына кирген бардык же айрым сыноолордон белгиленген мөөнөттө өтпөй калган магистранттар университеттен чыгарылат.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

УИБ башчысы Исраилов А. Ж.